# Аламүдүн райондук социалдык педагогдордун семинарынын протоколу

Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебиндеги
Аламүдүн райондук социалдык педагогдордун семинарынын протоколу

10-декабрь 2021-жыл

**Катышты:**

1. Аламүдүн районунун билим берүү бөлүмүнүн адиси Орозобаева С.Б.
2. Таш-Мойнок айыл аймагынын социалдык кызматкерлери: Мамбеткалиева Л. жана Султанова А.
3. Кой-Таш айылынын тургуну , ата-эне: Айнура
4. Аламүдүн районунун социалдык педагогдору

**Күн тартибинде:**

**«Ар бир бала мээримге бөлөнүп, балалыгын бактылуу өткөрүүгө укуктуу» аттуу семинардын жыйынтыгын талкуулоо**

**Мектептин социалдык педагогу Миталипова Г.Т**: Бүгүнкү өткөрүлгөн семинар жөнүндө ойлоруңуздарды ортого салалы. Кандай өтүлдү? Семинардан керектүү нерселерди алдыңыздарбы? Анда эмесе сөздү Аламүдүн райондук билим берүү бөлүмүнүн адиси Орозобаева С.Б. берилет.

**Орозобаева С.Б.** : Семинардын темасы жана максаты туура . Семинар жакшы пландаштырылган, жакшы өткөрүлдү. Мигранттардын балдарынын көйгөйлөрү , алардын укуктарынын бузулушу жөнүндө сценкалар көрсөтүлдү. Эң негизгиси темадан алыстабайлы. Концерттик программа узак болуп кетти.

**Сөзгө чыкты: Аманат-Октябрь мектебинин соц.педагогу:**Биз билбеген нерселерди, сиздерден алдык. Семинардан көп нерселерди талкууладык. Ар кандай учурлар, ар кандай мисалдар келтирилди. Ошолордун баарын билдик. Кудай буюрса, келечекте сиздерден алган тажрыйбаларды , өзүбүзгө колдонобуз деп айта алам. Сиздерге чоң рахмат. Семинар абдан жакшы өттү.

**Орозобаева С.Б.:** Көп соц.педагогдор алмашып, жаңылар келип жатышат. Ошон үчүн кимдин түшүнбөгөн суроолору бар болсо , ушул жерде отурган тажрыйбасы бар соц.педагогдор бөлүшөлү. Негизги маселебиз балдарды коргоо , балдар менен көбүрөөк иштөө, ушундай семинарда көбүрөөк талкуулап алсак.

**Стрельникова ЖББ орто мектебинин соц .педагогу**: Биринчиден чоң рахмат деп айтып кетмекчимин. Менде бир суроо бар. Сиздер сценка кылып көрсөттүчүздөр, бирок булар терс жагы болуп жатат. Сиздер ушундай көйгөйлөрдү кандай күрөшүп жатасыздар? Жашоого умтулуу боюнча кандай нерсе берип жатасыздар? Интернетте жалаң терс жактары көп, жакшы жактары жокко эсе.

Балдардын укуктарынын бузулушуна, алардын зомбулукка туш болбоосу үчүн алдын алуу иштерин жүргүзөбүз. Ата-энелер чогулушу уюштуруу, окуучулардын арасында анкета жүргүзүп аныктоо, жана конкурстарды уюштуруу жана окуучулар жана алардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүү .

**Орозобаева С.Б.:** Зомбулук дегенди айтпай эле, өмүрдүн баалуулугун көбүрөөк айталы. Зордук-зомбулук десе деле ынтымактк үй-бүлөнү көрсөтө берели. Көбүрөөк

талантту балдарды аткартып койдура бергиле. РОВД суицид дегенди түшүндүрүүдө балдардын кабат үйлөрдөн учуп кеткендерин көрсөтүп жатышат. Аламүдүн районунда 8 суицид катталды. РОВД деле өздөрү түшүнбөй калышты. Эмнеден мындай нерселер көбөйүп жатканын.

**Кара-Жыгач жбб орто мектеби соц.педагогу Малабаева Марина**: Гулзинага чоң рахмат. 3 жыл иштеп жатса дагы , ушундай тренингди өткөзүп жатат. Мектеп кичинекей, жакшынакай экен. Активдүү, талантту балдары менен сценкаларды көрсөттү. Мигранттардын балдарынын көйгөйлөрүн көрсөттү. А бирок бизде нормативдик-укуктук акта негизги документибиз «Кодекс о детях» . Укук коргоо органдары, Юстиция министрлиги , Прокуратура «Балдардын кодексине» мигранттын үй-бүлөлөрүнө беренелерди кошумча кылып киргизиши керек. Соц.педагогдордун иши мындай көйгөйлөрдүн болбошу үчүн алдын алуу ишин гана жүргүзүү. 2 сааттын ичиндеби же 2 күндүн ичиндеби , ошол көйгөйдү чечиши керек. ИДН дин жумушу маалымат гана берет. Эки ата-энеси жок болгон үй-бүлөнүн балдары мигрант. Бир ата-энеси бар болсо, анда мигрант үй-бүлөгө кирбейт. Мигрант үй-бүлөнүн дагы жакшы жашаган үй-бүлөлөрү бар.

**Орозобаева С.Б.:** Ата-энелер чогулушунда жаңы закондор тууралуу ата-энелерге айтып, штрафтарды түшүндүрүү керек. УПК нын өзгөрүлүшүн ар бир класска окуп чыгышыңар керек.

**Марина Малабаева** : Светлана Бекеновна, Соц.педагогдордун иши өтө кыйын. Мектепке проблемаларды чече турган психологдорду иштетүү керек.

**Орозобаева С.Б.**: Бардык жерде айтабыз. Мектептерге психолог керек деп. БГУ, Арабаева университеттери көптөгөн психологдорду бүтүрүп жатышат. Бирок ,бизге **келбейт. Себеби айлыгы аз. Жеке мектептерге барып иштешет, айлыгы көп.**

**Беш-Күнгөй жбб орто мектебинин соц.педагогу Зарета**: Анда соц.педагогдорду психолог кылып окутуу керек.

**Пригород жбб орто мектеби Туранов Тагай**: Мына биз жалпы соц.педагогдор келип, тажрыйба алмаштык, эстетикалыкдем алдык. Мектептерге Гапыр Мадаминовдун «Энелер мектебин» киргизүү керек. Ата-эненин ролу, ыйман жөнүндү , боорукерлик жана айкөлдүк жөнүндө сценкаларды ата-энелерге көрсөтүү керек.

**Орозобаева С.Б.:** Жалпы соц.педагогдор иш кагазыңарды иретке келтиргиле. Семинарга рахмат.

**Чогулуштун төрайымы:** **Орозобаева С.Б.**

**Чогулуштун катчысы:** **Миталипова Г.Т.**




Укук коргоо

